DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2022

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

*Кайрат Белек, Жылдызбек кызы Айзат*

# АЗЫРКЫ ЭЛЕТТИК КЫРГЫЗДАРДЫН КҮНҮМДҮК ТУРМУШУНДАГЫ БАЙЫРКЫ ИШЕНИМДЕРДИН ИЗДЕРИ (Токтогул районунун мисалында)

*Кайрат Белек, Жылдызбек кызы Айзат*

# СЛЕДЫ ДРЕВНИХ ВЕРОВАНИЙ В ПОВСЕДНЕВНОЙ ЖИЗНИ СОВРЕМЕННЫХ СЕЛЬСКИХ КЫРГЫЗОВ (на примере Токтогульского района)

*Kayrat Belek, Zhyldyzbek kyzy Aizat*

# ANCIENT (OLD) FAITH OF MODERN COUNTRYSIDE CULTURE (on the example of the Toktogul region)

*УДК: 930.8:796:1(091) (575.2)(04)*

*Макалада Жалал-Абад облусуна караштуу Токтогул өрөөнүндөгү эски ишенимдердин учурдагы абалы тууралуу маалыматтарга анализ берүүгө аракет жасалат. Кыргыз элинин тарыхый жолунда ар кандай диний жана культтук системаларды – мисалы, теңирчилик, шаманизм жана исламды – карманyy орун алган. Ошондуктан кыргыздардын мусулманчылыкка чейинки диний ишенимдери өзгөчө татаал жана көп стадиялуу болгон. Бул диний ишенимдер кыргыздардын басып өткөн жолу менен ар кандай формада жазма эстеликтерде, каада-салтында, ырым-жырымдарында, жөрөлгөлөрүндө жана оозеки чыгармачылыгында сакталып калган. Бул ишенимдер ислам дининин кабыл алынышы жана совет бийлигинин орношунан кийин ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Изилдөөбүздө, тотемизм, Умай эне жана Жер-Суу культу, ата-баба арбактарына сыйынуу, шаманизм жана эмчи-домчулукка байланыштуу эски ишенимдердин калдыктарынын күнүмдүк турмушта колдонулушу жана ролу тууралуу анализ Токтогул өрөөнүндө жашаган элеттик кыргыздардын мисалында жасалат.*

***Негизги сөздөр:*** *Токтогул өрөөнү, Умай эне, мазар, бүбү, тотемизм, шаманизм, Жер-Суу культу, Шамшыкал-Ата.*

*В статье предпринята попытка проанализировать информацию о современном состоянии старинных верований в Токтогульской долине Джалал-Абадской области. В историческом пути кыргызов имело место приверженность различным религиозно-культовым системам, например, божеству, шаманизму и исламу. Поэтому домусульманские религиозные воззрения кыргызов были особенно сложными и многоступенчатыми. Эти религиозные представления сохранились в письменных памятниках, традициях, обрядах, церемониях и устных произведениях в различных формах на пути кыргызского народа. Эти верования претерпели различные изменения после принятия ислама и установления советской власти. В нашем исследовании на примере сельских кыргызов, проживающих в Токтогульская долина.*

***Ключевые слова:*** *Токтогульская долина, Умай эне, мазар, бүбү, тотемизм, шаманизм, культ Жер-Суу, Шамшыкал-Ата.*

*The article attempts to analyze information about the current state of ancient beliefs in the Toktogul valley of the Jalal-Abad region. In the historical path of the Kyrgyz, there was adherence to various religious and cult systems, for example, to a deity, shamanism and Islam. Therefore, the pre-Muslim religious views of the Kyrgyz were especially complex and multi-stage. These religious ideas were preserved in written monuments, traditions, rituals, ceremonies and oral works in various forms on the path of the Kyrgyz people. These beliefs underwent various changes after the adoption of Islam and the establishment of Soviet power. In our study, on the example of rural Kyrgyz living in the Toktogul valley.*

***Key words:*** *Toktogul valley, Umai, mazar, bubu, totemism, shamanism, Zher-Suu cult, Shamshykal-Ata.*

Токтогул району – Жалал-Абад облусуна караштуу район. Кетмен-Төбө өрөөнү түндүгүнөн Талас Ала-Тоосу жана Суусамыр кырка тоосу, батышынан жана түштүк-батышынан Узун-Акмат дарыясы, Атойнок кырка тоолору, түштүгүнөн Фергана тоо тизмеги, түндүк-чыгышынан Көгирим кырка тоосу менен курчалган. Өрөөндүн байыркы мезгилдеги тарыхына байланыштуу алгачкы маалыматтар, Кыргызстандын археологиясы боюнча белгилүү адис А.Н.Бернштамга таандык. 1946-жылы [13, 9-б.] окумуштуу тарабынан жүргүзүлгөн казуулар менен чалгындоолордун натыйжасында, Кетмен-Төбөнүн тарыхы боюнча бай маалыматтар алынган. Кетмен-Төбө өрөөнүндө таш доорунан баштап эле калктын жашаган, алгач мал чарбачылык, көчмөнчүлүк менен алектенген калк андан кийин отурукташкан, жер иштетүүчүлүк менен алектенген калк жашап өткөн.

Кетмен-Төбөнүн XIX к. түпкү калкынын негизги кесиби көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылык менен алектенгендер болгон. Дыйканчылык менен жарым отурукташкан жана отурукташкан кедейлер алектенишкен [13, 172-б.]. Ал эми учурда негизинен калктын чарбачылыгы дыйканчылык, мал чарбачылык жана бал челек кармоо менен алектенген калк жашайт.

**Тотемизм.** Кыргыз элинин белгилүү тотем жаныбары түндүк кыргыз урууларынан биринин аты – бугу этнонимине байланыштуу. Мында бугу уруусунун түпкү атасынын пайда болушу жөнүндөгү легендалар менен ырасталат. Бул уламыштардын бир нече варианттарын С.М. Абрамзон өзүнүн этнографиялык изилдөөлөрүндө жазып алган [8**Ошибка! Источник ссылки не найден.**, 202-203-бб.**Ошибка! Источник**

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



**ссылки не найден.Ошибка! Источник ссылки не найден.**]. Улумыштар боюнча бугу уруусунун түпкү энеси мүйүздүү аял болуп, ал бугудан чыккан жана бугулардын, маралдардын, аркар, кулжалардын-, элик, текелердин ыйык ээсинин кызы болгон.

Ал эми Токтогул өрөөнүндө бугу жаныбарларына аяр мамиле жасоо керек деген ишеним бар. Эгерде бугуларга зыян келтирип, же аларды өлтүрсө бактысыздык алып келет же болбосо каргыш тиет деген ишенимдер учурда калк арасында сакталып келет[20].

Итке байланышкан көптөгөн ишенимдердин Кетмен-Төбө калкынын жашоосундагы орду жана ролу тууралуу талаа материалдарына топтолду. Жергилүүктү калктын ишениминде иттин *көзү ачык* болуп, ал алдын ала ар кандай жамандыкты, кырсыкты сезе билген жаныбар деп эсептешип иттин улуганын кандайдыр бир боло турган кырсыктын белгиси катары кабыл алышат [9]. Итти көзү ачык деп эсептешкени үчүн айылдын эли кечинде жалгыз жол жүргөндө, же жайлоодо жалгыз мал кайтарып калганда ар дайым жанына иттин ээрчите жүрүшөт [9]. Иттин көзү ачык касиеттинин болгондугу тууралуу изилдөөчү Т.Баялиева да жазып кеткен [4, 20-б.].

Ошондой эле итий болуп ооруган балдарды мындай жол менен ырымдашат: иттин куу башын таап келип, он эки түргө боёп, баланы кирентип, андан кийин аны ит жаткан жерге үч мертебе онатып алат. Бул ырым үч жума аркарылып, иттин башын кайра нымдуу жерге көмөт. Итий болгон наристени ушундай жол менен айыктырууга болот деген ишеним калктын бир бөлүгүндө жашап келет[5]. Демек иттин жаны бекем, жаш балдарды ар кандай жин шайтандардан коргоочу тотем жаныбары деп жыйынтык чыгарууга негиз бар.

Карышкыр, ар кандай оорудан элди, ар кандай жамандыктан жана каргашадан куткаруучу түрк урууларынын тотем жаныбары деп эсептелинет [4, 21-22-бб.]. Бул жырткыч жаныбардын адамдарды оору-сыркоодон жана көз тийгенден коргоочу тотем катары, Токтогул өрөөнүн жердеген кыргыздар дагы кылымдардын тереңинен бери эсептеп келет. Бала абдан сүйкүнчүк болуп, ага ар кимдин көзү, назары түшкөн убакта ичи өтүп, ыйлап калат да, ошондо бала назарлап калды дешип, карышкырдын тишин же чүкөсүн баланын кийимине же бешикке илип кою-шат. Андан тышкары жаңы төрөлгөн баланын жүрөгү түштүп калган мезгилде, жүрөгүн көтөрүү үчүн карышкырдын өтүн баланын он эки мүчөсүнө өтүн тийгизишип эмдешкен [13]. Тотемизм ишениминин учурда кандайдыр бир деңгээлде өзгөрүүлөргө дуушар болсо да, кыргыздарда жаныбарларга болгон ишенимдер сакталып келет.

**Шаманизм жана эмчи-домчулук.** Шаман сөзү эвенк тилинде шаман «ээликкен», «өзүн жоготкон адам» - деген маанини билдирет.

Кыргыз шамандары “бакшы” эркек шаман, ал эми аял шаманды “бүбү” деп аташкан. Кыргыз бакшылары тууралуу Ч.Ч. Валихановдун кыргыз шаманчылгына берген жалпы мүнөздөмөсүндө: “Бардык жапайы таш кыргыздар мусулман динин тутушат да, диний ишенимдин эржелерин да, анын талаптарын да билбей, өздөрүн мусулман деп аташат. Алардын бардык ырым-жырымдары жана ишенимдери ушул кезге чейин шаманизмдин эрежелерине байланышкан” [8, 72-б.] деп жазып кеткен. Демек кыргыздардын исламды үстүртөдөн өздөштүргөндүгү, алардын байыркы диний түшүнүктөрдүн көп сандаган калдыктарынын сакталып калышы менен далилденип турат.

Талаа материалдарынын негизинде Токтогул районунун Ак-Тектир айылында жашаган белгилүү бүбү багыш уруусунан чыккан Жунусалиева Гүлмира Жусупбековна 1978-жылы төрөлгөн. 1999-жылдан бери кыргызчылык менен карманат жана эл арасында бүбү деген ат менен таанылып келет. Гүлмира бүбү эмдейт, жүрөк көтөрүп, төлгө салып, ырым-жырымдарды аткарууда бычак, теспе, таш, камчы сыяктуу буюмдарды колдонуп, шаманизм ишениминин ырымжырымдарын аткарып келет [9].

Жүрөк көтөрүп жаткан мезгилде: “токто жүрөк, токто жүрөк, чыкпа жүрөк, чыкпа жүрөк, менин колум эмес Умай эне Батма-Зууранын колу, менден эмес кудайдан” деп ырым-жырымын жасап, бычак жана таш менен ошол адамдын дене мүчөсүнө тийгизип чыгат [9]. Ал эми кичинекей бала же чоң киши назарлап калганда жоюу ырымы аткарылыш үчүн таспи колдонот. Андан тышкары жоюу үчүн малдын сөөктөрүн да колдоно берет. Малдын сөөгү бардык жаман нерселерди өзү менен алып чыгып кетүүчү касиеттке ээ деп ишенет [9].

Токтогул районунда жашаган 70 жаштагы Бейшебаева Жумакан энебиз да айылында эмчи-домчулук менен алектенген бүбү. Айылда жаңы төрөлгөн балдарга ар кандай жасала турган ырым-жырымдарды аткарып келет (эмдөө, жоюу, жүрөк көтөрүү сыяктуу)[5]. Андан тышкары баланын кулагынан суу агып, б.а. булак агып калды дешип Жумакан энеге көрсөтүшөт. Жумакан эне өзүнүн үйүнө жакын болгон булактын көзүнө барып, шам жагып ырымын жасайт [5].

Шаманизм ишеними Ислам, Буддизм жана Христиан диндеринин келиши менен үзгүлтүккө учураган. Ошентсе да башка эски ишенимдер сыяктуу эле шаманизмдин бир далай элементтери ушул күнгө чейин сакталып калган.

***Умай эне культу.*** Кыргыздардын диний ишенимдеринде “Умай” жана “энеден” деген образдар очоктун, тукумдун сакчысы катары кызмат кылат. С.М. Абрамзондун айтымында, кыргыздарда аялдык башат катары каралган Умай эне түшүнүгү өз учурунда абдан кеңири таралган жана өнүккөн, бирок азыр-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



кы учурда калдык катары гана сакталып калган. Кыргыз эмчи-домчулары төрөт учурунда же кичине баланы дарылап жатканда: “Менин колум эмес, Умай эненин колу” деген калып сөздү колдонушкан [1, 292-293-бб.]. Эгер С.М. Абрамзон Умай энени балдардын колдоочусу десе [2, 198-б.], А.Н. Бернштам аял кудайы, үй-бүлө очогунун коргоочусу, уланган укум-тукумдун сактоочусу деп эсептеген [12, 45-б.].

Л.П. Потапов, этнографиялык материалдын негизинде талдоо жүргүзүп, Умай эне тууралуу мындай жыйынтыкка келген: “түрк урууларынын баарында Умай кудайы сакталып калган. Умай өзү Кудай катары алгач Орхон-Енисей эстеликтеринен башка жазма булактарда кезиктирилбеген жана калктын эс тутумунда абдан жакшы сакталып калган” [19, 279-б.] деген ой пикирин калтырган.

Токтогул аймагындагы Умай энеге болгон ишенимдеринде кичинекей бала назарлап калган учурда эгиз бала төрөгөн аялдардарга эмдетишип, ошол эмдөө процесси жүрүп жатканда Умай энеге кайрылышкан: “Биссмийла менин колум эмес Умай эне Батма-Зуура эненин колу, эмдебесем мага жазык, эм болбосом сага жазык”- деп баланы малдын сөөгү же нан (нандын кичинекей бөлүгү) менен эмдешкен [12].

Баланы бешикке салуу да Батма-Зууранын бешиги деп эсептелинип, анын атынан баланы бешикке салуу ырымы аткарылып анан бала бешикке бөлөнөт. Талаа материалдарында кемпир бешикти жасап бүткөндөн кийин, баланы бешикке салаарда “бисмилля ирахмани ирахим умай эне батма зуурасынын бешиги, тынч уктасын” деген сөздөр айтылган [13]. Бул жерден Умай эне баланын боюнда бар кезден баштап, төрөлүп чоңойгонго чейин Умай эненин көзүндө болуп, баланын коргоочу кудайы катары каралып келет.

Кыргыздарда бала жаңы төрөлгөндө баланын куяңында көгүш түстөгү белгиси менен төрөлөт. Ал белги кичинекей болсо “Умай эне куяңга шапактап, көтөнү көгөрүп, Умай эненин колунун изи түшүп калды”, же ал белги кичинекей болсо “Умай эне чымчып алыптыр” деген ишенимдер сакталып келет [10]. Ал эми булактарда “монгол тагы (орус.: монгольское пятно)” [6] деп аталып, кыргыз тилинде болсо Умай эненин тагы деп айтылат. Бул түшүнүк Токтогул аймагындагы элдин күнүмдүк турмушунда, улуу муундун эс-тутумунда, ырым-жырымдарында сакталып калат.

***Жер-Суу культу.*** Байыркы түрк калктарында дүйнөнү ортоңку жана төмөнкү деп үчкө бөлгөндүгү жөнүндө айтылган. Ортоңку дүйнөнүн тагыраагы жаратылыш негизги кудайы ыйык Жер-Суу болгон [1, 168-б.]. Ошондой эле Жер-Суу культу тяньшандык кыргыздарда да сакталып калган. Мисалы, “күн жаабай кургакчылык боло баштаган учурларда айылдын калкы чогулуп, суунун жээгине барышып, эрте жазда малдан курмандык чалышып, Жер-сууга жалынып жамгыр сурашкан. Бул булактарда “жер-суу тайы / жер суу таюу” деп аталат [1, 311-б.]. Мындай ырым-жырымдар бир эле жамгыр жабаганда эмес малга, эгинге, чөпкө оору жугуп, чегиртке көбөйгөндө да күз анан жаз мезгилдеринде да жасалган. Кийинчерээк ислам дини Орто Азияга тараган мезгилден баштап суранычтарга Алланын ысымы менен айтыла баштаган” [4, 136-б.].

Жер-суу культун жалпылык культ катары карап, ичинен тоо культун өзүнчө бөлүп караса болот. Орхон жазма эстеликтеринде, II Көктүрк каганатында Өтүкен тоосу ыйык деп эсептелгенин изилдөөчүлөр жазып келген [16, 313-б]. XX кылымдын ортосуна чейин да кыргыздардын жашоо-турмушунда тоо культу сакталып келген. С.М.Абрамзондун пикири боюнча, тоо (обоо) культу, исламдын жайылышынан кийин ордун “мазарлар” сөзүнө алмаштырылган [2, 318-322-бб.].

Токтогул аймагында ыйык деп эсептелген жерлер тууралуу маалыматтарга кайрылсак. Алардын бири жети бир тууган аталар же «олуялар» жөнүндөгү маалыматты С.М. Арамзон Кыргызстандын түштүгүнөн жазып алган. «Бул жети бир тууган душмандардан ар башка жерге качып кетишкен. Бири биринен алыс турган ыйык мазарлар алардын ысымдары менен аталган: Арстанбап, Тастар-Ата (Күнелек жериндеги тоонун чокусунда), Токбай-Ата, Шамшыкал-Ата (Кетмен-Төбөдө), Күртүк-Ата (Алай районундагы Андреев атындагы колхоздун аймагы), Морпостун (Анжыянда). Жетинчи мазардын атын маектеши эстен чыгарган» [2, 198-б.]. Мына ушул жети олуя ата болгонун Токтогул аймагындагы айрым уулу адамдардын айтымында, ошол жети бир тууган душмандардан качып, алардын төртөө Токтогул аймагына келген экен алар: Шамшыкал-Ата, Камбар-Ата, Чолпон-Ата анан төртүнчүсүн информатор эстей албай койду [20]. Ал кээ бир маалыматтар боюнча Кетмен-Төбө өрөөнүндө “7 бир тууган болгон: Шамшыкал ата, Салп ата, Коргон ата, Каракаш ата, Карасакал ата, Кара булак ата, Кара кыз апа” [8, 510-б.], булардын баары Кетмен-Төбө аймагынын ар кайсы аймактарында жайгашкан мазарлар. Токтогул аймагында аталардын ичинен эң берешени, эң шайыры Шамшыкал-Атаны айтышат.

Шамшыкал-Ата Токтогул шаарчасынан 30 чакырым чыгышта жайгашкан [8, 50-б.]. Ал Шамшыкал тоосунда жайгашып, тоонун үстүнөн туз кени чыгат. Шамшыкалга келгендер “актыкты моюнга алуу” деген ырым-жырымды аткарышат. Кабырдын алдында туз казган карьер жайгашкан, ал жерге туура эмес жол менен келген (ичимдик ичип, арам иштерди жасаган ж.б.) адамдар туз казса, чыкпай койчу экен. Ал эми туура жолдо жүргөн адамдар казса, казылган туздун орду кайра толуп турчу дейт [18]. Шамшыкал ата деген – айылдын эли төрөлгөндөн баштап эле ата-энелеринен угуп, билишет. Шамшыкал атанын булагынан майып балдар оңолуп, көк жөтөл да ушул жердин

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



булагынан айыккан [18]. Элдин айтымында ал жерге көбүнчө үчүнчү күнү нан, токочторун жасап алышып, бакыт тилегендер, балалуу болбогондор, иши жүрүшпөгөндөр, жолунан адашкандар келишет. Булакка зыярат кылышып, шам жактырып, төлгө ачтырып, жакшылыктан үмүт кылып, келип кетип турушат.

Кара-Күнгөй айылынын жайлоолорунда орун алган *Коргон-Ата* мазары, Чон-Арык айылында жайгашкан Бөксө кыштоосу жака кеткен жолдо Дубана-Терек деген мазар, Токтогул аймагында белгилүү болгон Арын жайлоосу тарапта Акташ деген аймакта Чийташ-Ата мазары ж.б.у.с. ыйык деп эсептелген жерлер Токтогул өрөөнүндө абдан эле көп. Ал эми ал мазарларга барып курмандык чалуу бул кыргыздардын диний ишениминде, практикасында өтө кеңири тараган көрүнүш. Кыргызстандын бүткүл аймагында учурай турган жергиликтүү ыйык жайлар – мазарлар көпчүлүгүндө обоо сыяктуу түшүнүктөн келген дейт С.М. Абрамзон [2, 214-216-бб.]. Бул мазарлардын культу кыргыз турмуш-тиричилигиндеги исламдын, айрыкча олуялар культунун ажырагыс бир бөлүгү болуп, ошондон улам мусулман диний ишенимин активдүү колдогондор абдан эле жакшы билүү менен практикаларында абдан эле колдонушкан.

Жыйынтыгында магиялык, тотемдик, ата-баба арбагы, жер-суу культу, умай эне сыяктуу ишенимдерди, кыргыз элинин байыркы замандагы идеологиясында, диний-мифологиялык көз караштар элдин турмуш-тиричилигинде зор орунду ээлеп келген. Байыртадан эле кыргыздардын жана азыркы Кыргызстандын аймагында жашап өткөн элдердин тарыхында кайсы бир диндин толук үстөмдүгү болгон эмес, дайыма табигый диний плюрализм өкүм сүрүп келген. Учурда Токтогул аймагында калктын көпчүлүгү мусулман болгону менен байыркы кыргыздардын ишенимдерине ишенгендердин да саны аз эмес. Көпчүлүк калк ошол эле ыйык жаныбарларга өзгөчө мамиле кылуу, Умай эненин колдоосуна таянуу, ыйык жерлерге сыйынуу салттарынын азыркы коомдогу ээлеген өз ордун бекемдеп келет.

Айрыкча жаш балдар ооруп калганда көчүрүү, эмдөө, зикир чалуу сыяктуу ритуалдардын көп өткөрүлгөндүгү ислам динине чейинки эски ишенимдердин элеттик калктын күндөлүк жашоосунда жана маданиятында орду бар экендигин көрсөтүп турат.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Фрунзе, 1990. - С. 480.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. «Кыргызстан Сорос» фонду, - Бишкек,1999. 896-б.
3. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. Окуу куралы. - Бишкек: КМУУ, 1998. - 134-б.
4. Баялиева Т. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. «Илим». - Фрунзе, 1972. - С. 171.
5. Бейшебаева Жумакан Токтогул району, Терек-Суу айылы.
6. Большая советская энциклопедия. 30 т. - 3-е изд. - М.: Сов. энцикл., 1969 - 1986. // URLhttps://www.booksite.ru/fulltext/1/001/008/077/795.htm (дата обращения: 20.09.2022).
7. Валиханов Ч. Собрание сочинений в пяти томах. - Т.2. - Алма-Ата, 1985. - С. 416.
8. Жалал-Абадагы ыйык жерлер жана эл даанышмандыгы. - Бишкек, 2010. - 352-б.
9. Жусупова Гүлмира, Токтогул району, Ак-Тектир айылы.
10. Кайыпова Мейликан, Токтогул р-ну.
11. Каратаев О.К., Эралиев С. Н., Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. - Б: “Бийиктик”, 2005. - 600-б.
12. Карачбаева Базарбү, Токтогул р-ну, Чолпон-Ата айылы.
13. Кенжебаева Бүсайра. Токтогул р-ну.
14. Кетмен-Тюбе. Археология и история. - Фрунзе: «Илим», 1977. - С. 228.
15. Кляшторный С.Г., Савинов Д.Г. Степные империи Древней Евразии. - Санкт-Петербург, 2005. - С. 346.
16. Конкобаев К., Усеев Н., Шабданалиев Н. Атлас древнетюркских письменных памятников Республики Алтай. Астана, 2015. - С. 367.
17. Материалы к теме: «Обычаи и обряды, связанные с рождением ребенка (1947)». // КРУИА КЖФ/№31. - С. 10-22.
18. Мураталиева Анаркүл. Токтогул р-ну. Кара-Күнгөй айылы.
19. Потапов Л.П. “Умай – божество древних тюрков в свете этнографических данных”, Тюркологический сборник, 1972. - Москва: «Наука», 1973. - С. 14.
20. Сүйналиева Мария. Токтогул р-ну.
21. Сүйүналиев Сулайман, Токтогул району, Ак-Тектир айылы.
22. Токтогул району энциклопедиясы. - Бишкек, 2005. 291-б.
23. Хайтун Д.Е. Тотемизм, его сущность и происхождение. - Сталинабад, 1958. - С. 151.